**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин «Хирургиялык дисциплиналар травматология курсу менен» кафедрасынын кезексиз №10 жыйынынын протоколунан**

# КӨЧҮРМӨ

10.04.2022-ж.
12:00

**Төрага: м.и.к., доцент О.И.Курбанбаев**
**Катчы: Маликова А.Т.**
**Катышкандар: ПОМ 20 мүчөсүнүн баары катышты.**

***Өтүлүүчү жай: ХДТ кафедрасы, 01-окуу каанасы***

**Күн тартибинде:**

**1-маселе: "Травматология ортопедия и военно-полевая хирургия" дисциплинасы боюнча экзамен үзгүлтүккө учурап, убагында болбой калгандыгына байланыштуу аталган предмет боюнча лектор жана окутуучулардын жоопкерчилин кароо жөнүндө.**

*Угулду: Кафедра башчысы м.и.к., О.И.Курбанбаев* "Травматология ортопедия и военно-полевая хирургия" дисциплинасынан экзамен бекитилген график боюнча 2022-жылдын 22-апрель күнү, саат 13:00-16:00 аралыгында Табият таануу жана география факультетинин тест центринде болуп өтүүсү керек эле. Бул дисциплинанын экзамен боюнча жооптуулары: *м.и.к., доцент Маматалиев А.А.-лектор жана Кыдыралиев У.А.- окутуучу*. Бирок, тестирлоо башталган учурда экзамен үзгүлтүккө учурап, экзамен өтпөй калгандыгынын себебин тактап жана ага жооптуу болгон аталган предметтин окутуучуларына керектүү чараларды көрүү маселесин айтып өттү.

*Кыдыралиев У.А.-* экзаменге алдын ала 5 кредитке 350 суроо даярдалып, тестологдон текшертилип, каф.башчысы жана факультеттин ОМК тарабынан бекитилип, ОшМУнун тест порталына жүктөлгөнүн айтып берди. Экзаменге кирген учурда студенттер тесттеги суроолор башка экенин айтышып, экзамен тапшыруудан баш тартышты. Мен декандын орун басары Лазакат Мадаминовна менен байланышып, экзаменди башка күнгө жылдырууну сурандым. Тактап келгенде лектор А.А. Маматалиевдин бекитүү үчүн мага берилген тесттин суроосу менен, даярдануу үчүн студенттерге берилген суроосу эки башка болуп чыкты. Себебин лектор А.Маматалиев тесттик суроолорду адашып бергени менен түшүндүрдү.

*М.и.к., доцент Жунусов А.Т.:* Экзамендин үзгүлтүккө учурашы албетте туура эмес көрүнүш. Мындай учурда жоопкерчилик биринчи учурда лекторго жана окутуучуларга жүктөлөт. Бул үчүн лекторго сөгүш жарыялап, бул жөнүндө сөгүш өздүк баракчасына түшүү керектигин айтып, калган жооптуу окутуучуларга эскертүү жарыялануусу керектигин айтып өтүштү.

*М.и.к., доцент Джапиев У.Х.:* Ооба, эгерде лектор окутуучуларга ишенип тапшырма берген учурда, өзү көзөмөлдөп коюуусу керек болчу.

*PhD, улук окутуучу Саед Али Аббас Рахат:* Ар бир дисциплинанын окутуучулары бир команда болуп иштөөсү керек, баарын бир окутуучуга таштап коюу туура эмес. Эми жоопкерчиликти да баары тен аткарып, жаза баарына бирдей болуусу керектигин айтып өттү.

Акырында кафедра башчы сөз сүйлөп мындан ары мындай көрүнүштөр кайталанбашын бардык кафедра мүчөлөрүнө эскертип, ал үчүн деканат тарабынан жаңыдан иштелип чыккан экзамендик тесттерди бекитүү алгоритми боюнча иш алып барууну белгилеп өттү. Кафедрада түзүлгөн тесттердин сапатын, мазмунун жана студенттерге берилген тесттик суроолор менен AVN системасындагы тесттик суроолордун дал келүүсүн көзөмөлдөө тестолог Эргешбаев М.М. жүктөлдү. Эгерде ага да карабастан экзамен үзгүлтүккө учураса жоопту окутуучу менен эмгек келишими токтотулаарын эскертти.

Отурумдун мүчөлөрү сунуш-талаптар менен төмөндөгүдөй чечим кылат:

**ЧЕЧИМ:**

1. *Лектор м.и.к., доцент А.А.Маматалиевге – сөгүш жарыяланып, өздүк баракчасына түшүрүлсүн ошондой эле жаңы 2022-2023- окуу жылына эмгек келишимин түзүү маселеси каралсын.*
2. *Кыдыралиев У.А. карата эскертүү жарыялансын ошондой эле жаңы 2022-2023- окуу жылына эмгек келишимин түзүү маселеси каралсын.*

**Кафедра башчы:** ____________________ **О.И.Курбанбаев**

**Катчы:** ____________________ **А.Т.Маликова**